**Компаньон Банкынын кардарлары үчүн**
**эл аралык акча которуулар боюнча Акция**

# «Акча которууларды жасап – Компаньон Банкы менен саякаттаңыз»

| | | |
|---|---|---|
| **АКЦИЯНЫН ШАРТТАРЫ** | | |
| 1 | **Акциянын уюштуруучусу** | «Банк Компаньон» ЖАКы (мындан ары Банк) |
| 2 | **Акцияны өткөрүү Мөөнөтү жана Этаптары** | Башталган күнү: **2024-жылдын 1-июлу.**<br>Аяктаган күнү: **2024-жылдын 31-декабры (кошкондо).**<br>**Этаптар:**<br>• **1-этап** (мезгил аралык): **2024-жылдын 1-июлунан 30-сентябрына чейин;**<br>• **2-этап** (мезгил аралык): **2024-жылдын 1-октябрынан 31-декабрына чейин;**<br>• **Финалдык: 2024-жылдын 1-июлунан 31-декабрына чейин** жасалган которуулар боюнча жыйынтыктарды чыгаруу. |
| 3 | **Акциянын түрү** | Акция түрткү берүүчү лотерея болуп саналбайт. Акциянын жеңүүчүсүн аныктоодо кокустуктар принциби (жеңүүчүнү эркин тандай турган алгоритмди колдонуу) алынып салынган. |
| 4 | **Акциянын катышуучулары** | Акцияга<br>• Бардык жеке жактар – 16 жашка толгон КРдин бардык жарандары жана резидент эместер **катыша алышат**;<br>• Компаньон Банкынын Агенттери, кызматкерлери жана алардын жолдош/жубайлары, кызматкерлеринин жакын туугандары (ата-энеси, балдары, асырап алуучулар, асырап алынгандар, ата-энеси бир жана ата-энеси башка эркек жана кыз бир туугандар, чоң ата, чоң эне, таята, таене, неберелер) **катыша албайт**. |
| **КАТЫШУУ ШАРТТАРЫ ЖАНА ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРДҮ АНЫКТОО** | | |
| 5 | **Акцияга катышуучу карталардын түрлөрү** | **Компаньон Банкынын кеңселеринде алынган жана/же жөнөтүлгөн бардык эл аралык акча которуу системалары:**<br><u>Золотая Корона, Юнистрим, Астрасенд, Western Union, Sendy.</u><br><br>Банк жаңы акча которуу системасын туташтырганда (Компаньон Банкынын кеңселеринде кабыл алуу жана жөнөтүү) бул система автоматтык түрдө тизмеге кирет. |
| 6 | **Акциянын шарттары** | • Акцияга катышуу үчүн эсеп ачпастан эле эл аралык акча которуу системалары аркылуу акча которууларды жөнөтүү жана/же алуу керек (Компаньон Банкынын кеңселеринде).<br>• Аралык этаптарда жеңүүчүнү аныктоодо «Компаньон Банкы» ЖАКтын **бир эле филиалында* бардык жөнөтүлгөн жана алынган которуулар суммаланат.**<br>• Финалдык этапта жеңүүчүнү аныктоодо, «Компаньон Банкы» ЖАКтын **каалаган филиалында* (которуу алынган же жөнөтүлгөн филиалга карабастан) бардык жөнөтүлгөн жана алынган которуулар суммаланат.**<br>• Которуулар бардык валюталарда жүргүзүлүшү мүмкүн. Жеңүүчүнү аныктоо үчүн эсептөө которуу кабыл алынган/жөнөтүлгөн күндөгү КРУБдун курсу боюнча жүргүзүлөт. |

<table>
<tr>
<td></td>
<td></td>
<td>
<ul>
<li>Кайрадан кайтарылган которуулар Акциядан чыгарылат.</li>
<li>Катышуучу 2 (эки) аралык этаптын 1 (биринде) гана жеңүүчү боло алат, бирок финалдык этапта да жеңүүчү боло алат.</li>
<li>Карталарга/карталардан которуулар, QR-код боюнча которуулар, ошондой эле Компаньон мобилдик тиркемесине/тиркемесинен жасалган которуулар Акцияда эсептелинбейт.</li>
</ul>
</td>
</tr>
<tr>
<td>7</td>
<td>Жеңүүчүлөрдү аныктоо тартиби жана критерийлери</td>
<td>
<ul>
<li>Жеңүүчүлөр ар бир этаптын жыйынтыгы боюнча аныкталат. Байгелүү орундардын Рейтинги жөнөтүлгөн жана алынган которуулардын эң чоң (максималдуу) көлөмү (суммасы) боюнча аныкталат.</li>
<li>Аралык этаптардын биринде жана Финалдык этапта Байгеге коюлган талаптарга жооп берүү үчүн Катышуучулар Акциянын мезгилинде максималдуу сумманы которууну жана милдеттүү критерийди — бардык которуулардын жалпы суммасын аткарууга тийиш:
<br>- ар бир аралык этап үчүн 100 000 сомдон кем эмес
<br>- Финалдык этап (бардык акция мезгили) 500 000 сомдон кем эмес.</li>
<li>Эгерде алынган жана жөнөтүлгөн которуулардын көлөмү бирдей болгон жеңүүчүлөр аныкталса, алардын ичинен мезгил ичинде эң көп которууларды (саны) жүргүзгөн кардар утат.</li>
<li>Акциянын катышуучусунун которууларынын жалпы көлөмү Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында (сом) акча которууну алуу/жөнөтүү датасына КРУБдун алмашуу курсу боюнча чет өлкөлүк валютага конвертациялоо жолу менен аныкталат.</li>
<li>Алып-сатарлык операциялар аныкталган шартта, Банк мындай операцияларды акцияга катышуудан четтетүү укугуна ээ калтырат.</li>
</ul>
</td>
</tr>
<tr>
<td>8</td>
<td>Байге фонду жана байгелүү орундар</td>
<td>
<u>Биринчи аралык этаптын жеңүүчүлөрү:</u><br>
Алынган/жөнөтүлгөн которуулардын <u>эң көп көлөмү боюнча (сумма)</u> Акциянын биринчи аралык этабында «Компаньон Банкы» ЖАКтын* <u>18 филиалынын ар биринде</u> 3 (үч) жеңүүчү төмөнкү байгелерди алат:
<table>
<tr><th>Орун</th><th>Байге</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Электр самокаты</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Планшет</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Фитнес билерик</td></tr>
</table>
<u>Экинчи аралык этаптын жеңүүчүлөрү:</u><br>
Алынган/жөнөтүлгөн которуулардын <u>эң көп көлөмү боюнча (сумма)</u> Акциянын экинчи аралык этабында «Компаньон Банкы» ЖАКтын* <u>18 филиалынын ар биринде</u> 3 (үч) жеңүүчү төмөнкү байгелерди алат:
<table>
<tr><th>Орун</th><th>Байге</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Ноутбук</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Планшет</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Фитнес билерик</td></tr>
</table>
<u>Финалдык этаптын жеңүүчүлөрү:</u><br>
Акциянын бүткүл мезгилинде алынган/жөнөтүлгөн которуулардын <u>эң көп көлөмү боюнча (сумма)</u> Финалдык этаптын 1 (бир) жеңүүчүсү (которуу кайсы филиалды алынганына/жөнөтүлгөнүнө карабастан) төмөнкү байгени алат:
</td>
</tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| | | **Түркияга 2 кишилик саякатка сертификат**<br><br>*Акциянын байгелерин алууга байланыштуу бардык салыктык чегерүүлөрдү Акциянын Уюштуруучусу өзүнө алат.* |
| 9 | **Акциянын жыйынтыктарын чыгаруу мезгилдери** | • **1-этап** (аралык): 2024-ж. 10-октябрына чейин;<br>• **2-этап** (аралык): 2025-ж. 15-январына чейин;<br>• **Финалдык этап** (Акциянын бүткүл мезгили боюнча), 2025-ж. 15-январына чейин. |
| 10 | **Акциянын шарттарына жана өткөрүү мөөнөтүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу** | Банк Акцияны өткөрүү мөөнөтүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү (токтотуу же узартуу) укугун өзүнө калтырат. Мөөнөттөр өзгөргөн учурда Банк кардарларга бул тууралуу Банктын расмий сайты аркылуу маалымдоого милдеттүү. |
| **АКЦИЯНЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮН МААЛЫМДОО ЖАНА СЫЙЛОО ТАРТИБИ** | | |
| 11 | **Акциянын жеңүүчүлөрүн сыйлоо** | • Акциянын жеңүүчүлөрүнө байгелерди ыйгаруу аземи Банктын www.kompanion.kg расмий сайтында жыйынтыктарды жарыялаган күндөн тарта 10 (он) календардык күндүн ичинде ишке ашырылат.<br>• Байгелер сыйлоо расмий аземинде паспорт же ID-картаны көрсөткөндө берилет.<br>• Акция боюнча байгелердин акчалай эквиваленти накталай/накталай эмес берилбейт. Ошондой эле байгелер башка байгеге алмаштырылбайт.<br>• Акциянын/этаптын жеңүүчүсү сыйлык тапшыруу аземине катыша албаса, Акциянын аралык/финалдык жыйынтыктары чыгарылган күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде Банктын филиалына же сактык кассасына кайрылып, байгени ала алат.<br>• «Түркияга саякат» баш байгеси 2 адамга тариздеlет. Баш байгени жеңип алган финалдык этаптын жеңүүчүсү байгени жубайына жана/же жакын туугнына (ата-энеси, балдары, асырап алуучулар, асырап алынгандар, ата-энеси бир жана ата-энеси башка эркек жана кыз бир туугандар, чоң ата, чоң эне, таята, таене, неберелерине) берүүгө укуктуу. Саякатка бара турган экинчи адам жеңүүчүнүн жубайы же жакын тууганы болушу мүмкүн, бирок тууганы болуу зарыл эмес.<br>• Эки кишилик «Түркияга саякат» башкы байгесин утуп алган Акциянын жеңүүчүсү 2025-жылдын 1-февралынан 2025-жылдын 31-декабрына чейин (кошкондо) өз байгесин колдоно алат, башкача айтканда саякатка чыга алат.<br>• Саякаттын так даталары Банк менен биргеликте талкууланат жана аныкталат.<br>• Банк туристтик агенттиктен 2 (эки) адамга болгону 1 (бир) тур түзүп, сатып алат.<br>• Турдун ордун өзгөртүү Акциянын шарттарында каралбайт. Тур жарыяланган багытта гана түзүлөт - Түркия. Жеңүүчү тур уюштуруу үчүн туристтик агенттик жана Банк менен бирге Түркиянын шаарын/шаарларын тандай алат.<br>• Саякат Акциянын жеңүүчүсүнө жана/же тур тариздеlген адамдарга карата гана уюштурулушу мүмкүн жана алар саякатты брондоо учурунда жана саякат учурунда жарактуу чет элдик паспортуна ээ болуусу керек. Паспорттун жарактуулук мөөнөтү сапар аяктаган күндөн тарта 6 (алты) айдан кем эмес болуусу зарыл.<br>• Турга төмөнкүлөр кирет: Кыргызстандан Түркияга жана Түркиядан Кыргызстанга авиабилеттер, минимум 8 күн/7 түн мейманканада |

| | | |
|---|---|---|
| | | • жайгашуу, эртең мененки тамактын негизинде тамактануу же "баары камтылган" (турга жазылуу учурунда туристтик агенттиктердин сунушуна жараша), негизги медициналык саякат камсыздандырууcу.<br>• Банк документтерди (паспорт ж.б.) даярдоого, Түркиянын ыйгарым укуктуу органдары Түркияга киргизүүдөн баш тарткандыгы үчүн, жана башка такталбаган чыгымдарга жана жеңүүчүлөр документтерди даярдоодо жана саякат учурунда көтөрө турган тобокелдиктерге жооптуу эмес.<br>• Банк саякатка байланыштуу кошумча чыгымдардын ордун толтурбайт (турпакетке кирбеген тамактануу, экскурсиялар, шопинг ж.б.).<br>• Эгерде кардар ар кандай себептер менен турдан пайдалана албаса (зарыл документтери жок болсо, акциянын шарттарында көрсөтүлгөн мөөнөттө датаны тандабаса ж.б.), анда банк бул үчүн жоопкерчилик тартпайт, ал эми турдун баасы кардарга кайтарылып берилбейт.<br>• Турагенттиктин өзүнүн талаптары жана шарттары болушу мүмкүн, алар сөзсүз түрдө турду алып жатканда жеңүүчүлөр менен талкууланат.<br>• Жарнамалык материалдардагы байгелердин сүрөттөрү чыныгы байгелерден айырмаланышы мүмкүн. |
| **12** | **Акциянын жыйынтыгы тууралуу жеңүүчүлөрдү маалымдоо** | • Акциянын/этаптын жеңүүчүлөрүнүн тизмеси Банктын («Банк Компаньон» ЖАКы) **www.kompanion.kg** расмий сайтында Акциянын ар бир этабынын жыйынтыгын чыгаргандан кийин 5 (беш) иш күндүн ичинде жарыяланат.<br>• Банк жеңүүчүлөргө Акциянын жыйынтыгы, байге тапшыруу аземинин күнү жана орду жөнүндө түздөн-түз, которууну алууда/жөнөтүүдө Банкта көрсөтүлгөн байланыш телефон номери боюнча Акциянын аралык/финалдык этаптарынын расмий жыйынтыгы жарыялангандан кийин 5 (беш) иш күнү ичинде билдирет. |
| **АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТЫ ЖАЙЫЛТУУ** | | |
| **13** | **Каналдар** | Акциянын/этаптардын шарттары, жыйынтыктары, кулактандыруулар, жарнамалык материалдар төмөнкү каналдар аркылуу жарыяланат:<br>• Банктын расмий www.kompanion.kg интернет-сайты;<br>• Банктын социалдык тармактардагы расмий аккаунттары (Facebook, Instagram);<br>• Маалыматтык-оюн-зоок интернет-сайттары жана банктын өнөктөштөрүнүн сайттары жана алардын социалдык тармактардагы аккаунттары;<br>• Башка ар кандай маалымат каражаттары.<br>**Акцияны өткөрүү суроолору боюнча Банктын Кардарларды колдоо кызматынын 0312 33 88 00, моб. тел.: 88 00 номерлери аркылуу байланышсаңыздар болот.** |
| **14** | **Акция тууралуу публикациялар** | Акцияга катышкан кардарлар утушка ээ болгон учурда, Банктын расмий сайтында, социалдык тармактарда жана интернеттеги башка булактарда, жалпыга маалымдоо каражаттарында төмөнкү маалыматтарды: кардардын аты-жөнүн, байге ордун, байгенин суммасын жана/же түрүн, сүрөтүн жарыялоого Банкка макулдугун жана укугун берет. |

***«Компаньон Банкы» ЖАКтын филиалдарынын жана аларга тиешелүү бардык сактык кассалардын тизмеси менен www.kompanion.kg расмий сайтынан таанышууга болот.***